**Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнын МЭЖна 11.07.2021 жылы 02-002-2021-015270 саны менен катталган материал боюнча**

# М А А Л Ы М А Т

11.07.2021 жылы саат 18:25 чамасында Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБна Бишкек шаарынын №1236 шайлоо участкасында (Көлмө ж/к) "Эмгек" саясий партиясынын талапкери [redacted] жашоочулар арасында агитация өткөрүп жаткандыгы, саясий партиянын тарапташтарын чогултуп, агитация өткөрүү иштерине координация жүргүзүп жаткандыгы жөнүндө маалымат келип түшкөн.

Аталган факт Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБнын МЭЖна 11.07.2021 жылы 02-002-2021-015270 саны менен катталып, текшерүү иштери башталган.

Бул факт боюнча суралган [redacted], 2021-жылдын 11-июль куну болжол менен саат 11:30 чамасында каттоо боюнча Бишкек шаарынын Көлмө жаны конушундагы №1236 шайлоо участогунда Бишкек шаарынын депутаттарын шайлаганы барганын, шайлап чыккандан кийин "Эмгек" партиясынан депутаттыкка талапкер [redacted] бир топ балдар менен туруп калганын көргөнүн, анан аны видеотасмага тартып, тартылган видеотасманы БШКна жөнөткөнүн, бирок агитация болгону боюонча кандайдыр бир далил бере албай турганын билдирген.

Окуя боюнча [redacted] суракка алуу мүмкүн болгон жок, анткени мыйзамга ылайык депутаттыкка талапкерлерди суракка алууга жол берилбейт.

Жогорудагылардын негизинде аталган фактыда кылмыштын, жоруктун жана бузуунун курамы жоктугуна байланыштуу номенклатуралык ишке эсептен чыгарылган (НД саны: №002-2021-005192).

**Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнын Тергөө кызматы**